АЯСАҢЧЫ

с. Ж.Турсунбаев
о. Н.Насип

Кыска этек кийесиң,
Кылыктуу жылмайып жүрөсүң.
Кыйналып ичимден,
Кызганып жатканым билесиң.

Сымбатың менен сыйкырлап мени,
Санаага ойду чырмап салдың.
Жашоомо бакыт тартуулап анан,
Жүрөктү аста уурдап алдың.

КАЙЫРМА:

Саамайыңа күндү илейин,
Сен да мага көңүл бурчу!
Махабатым билдирейин,
Токтой турчу!

Сезимимди океандай,
Сен да туюп кабыл алчы.
Эзе бербей өчүң бардай,
Аясаңчы!

Көзүңдү боёйсуң,
Көңүлдү азгырып коёсуң.
Кокустан кез келсек,
Көрсөң да көрмөксөн болосуң.

Жамалың менен жадырап карап,
Жанымды торго илип алдың.
Жомокто сулуу периште сымал,
Жүрөккө аста кирип алдың.

КАЙЫРМА:

Саамайыңа күндү илейин,
Сен да мага көңүл бурчу!
Махабатым билдирейин,
Токтой турчу!

Сезимимди океандай,
Сен да туюп кабыл алчы.
Эзе бербей өчүң бардай,
Аясаңчы!